## ТЕХНИКА ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯ

***Суленов К., Таирбеков С.***

# Энергетика тармагынын кадрларын даярдоонун кээ бир педагогикалык маселелери

Электр энергиясы бардык энергиялардын ичинен пайдаланууга эң ыңгайлуусу болгондуктан, энергиялардын башка түрлөрүн электр энергиясына айландырып туруп колдонуу–учурда басымдуулук кылат, азыркы заман цивилизациясын электр энергиясысыз, б.а. электр тогусуз көз алдыга элестетип болбойт. Образдуу айтканда

Бардык шартты түзүп турган ток болот,
Ток болбосо жыргал турмуш жок болот,
Кереметтүү бул замандын жашоосу,
Электрдик дүрмөт менен октолот.

Ал эми кайсыл иште болбосун, электр энергетикасында да, бардыгын кадрлар чечет. Ошондуктан бул тармактын кадрларын ар тараптан сапаттуу даярдоо – дайыма актуалдуу проблемалардын эң негизгилеринин бири, мүмкүн эң башкысы болуп кала берет.

Электромагниттик кубулуштар менен таанышуу мектептеги физика сабагынан башталат. Физика илими – бардык табият таануу жана техникалык илимдердин, алардын ичинде электротехника илиминин да методологиялык негизи. Тереңдетип айтканда электротехниканы физиканын бир тармагы деп айтсак болот. Андыктан жалпы физикалык кубулуштарды жана мыйзамдарды жакшы билбей туруп, жогорку квалификациядагы электротехник-инженер болуп чыгуу мүмкүн эмес. Техникалык илимдердин фундаменти мектептен коюлуп башталат. Ошол фундаментке таянып жогрку окуу жайларында техникалык, ошонун ичинде электротехникалык адистикке окутулуп-үйрөтүлөт.

Мунун технологиясы мектепте жана жогорку окуу жайларында эмнеге жана кантип окутуунун ыкмаларын камтыйт. Бирок мектептерден баштап жогорку окуу жайларына чейин бардык тармактардын кадрларын педагогдор окутуп-тарбиялап берет эмеспи, андыктан бир гана билим берүү эмес тарбия берүү маселеси да өтө маанилүү. Биз ошол тарбия берүү жагына б.а. педагогикалык кээ бир аспектерге, тактап айтканда патриоттуулук тарбиялоого токтолобуз.

Кыргыз Республикасы СССР ыдырап, бирдиктүү энергия системасы жоюлгандан кийин электр энергиясы менен камсыздандыруу боюнча өтө эле көп кыйынчылыктарга дуушар болууда. Кээ бир электр берүү линиялары, трансформаторлук жана бөлүштүрүү станциялары, энергияны Кыргызстан өндүргөнү менен азыр чет мамлекет болуп калган мурдагы мамлекеттештердин территориясында калып, Кыргызстанды бир топ көз карандуулукка учуратып жатат. Анын үстүнө СССРден калган ГЭСтердин, электр берүү линияларынын жабдыктары эскирип, жаңылоону талап кылып турат. Дагы айтсак кандайдыр бир себептер менен суу сактагычтардагы суу запасынын азайып кетүүсүнүн натыйжасында маал-маалы менен электр энергиясын өчүрүп туруу кемчиликтерин али эстен кете элек. Ал дагы кайталанбаса экен деп коркуп да турабыз. Дегинкисинде Кыргызстанда азырынча саясий стабилдүүлүк бекем болбогондуктан, бир гана энергетика тармагы жабыр тартпастан башка тармактарда да проблемалар арбын. Ушундай кыйын кезеңде, энергетика тармагынын гана эмес бүткүл республиканын жаш кадрларын патриоттуулукка тарбиялоо – учурдун кечиктирилгис түрдө чечиле турган өтө курч проблемасы болуп турат.

Кыргызстанда социалдык маселелердин чечилбей жатканы эмгек миграциясын аябай күчөттү. Айлыктын аздыгы жана жумушсуздук Кыргызстандан жогорку квалификациялуу адистердин, б. а. элдин акыл потенциалынын чет жакка агып кетишин пайда кылып, кара

жумуш иштөөчүлөр менен катар алар да акчанын артынан тентип кетишүүдө. Бул көрүнүштүн жаман-жакшы жактарына сереп салсак: утурумдук пайдасы – учурда Кыргызстанды көбүнчө эмгек мигранттары багып калды. Бирок мунун келечеги – Кыргызстандын ансыз да бир ууч элин андан да бешбетер азайтып, кара жумуш эмгегинин, акыл эмгегинин жогорку квалификациялуу адистеринин калбай калышына алып келип, Кыргызстандын өзүнүн экономикасын кыйратып, чет мамлекеттик экономикалык интервенттердин келүүсүн күчөтүп, Кыргызстандын эгемен мамлекет катары сакталбай жок болуп кетишине да алып келиши мүмкүн.

Ушундай кыйын кезең учурда кыргыз улуту – улуу улуттук чымыркануу менен жашап, ар бир кыргыз, ар бир кыргызстандык, айрыкча жаштар өзүнө патриоттук сезимди сиңириши – абадай зарыл нерсе. Албетте, «халва, халва» дей бергенден ооздо шириндик пайда болбойт, бул үчүн конкреттүү чаралар керек.

Биринчиден өлкөдө саясий стабилдүүлүк орношу зарыл. Андан кийин мите курттай жеген коррупцияны таптакыр жогото албасак да өтө азайтуу керек. Андан аркы экономикалык маселелерди чечүү – экономика адистеринин иши.

Биздин оюбузча экономикалык маселелердин эң эле негизгиси – өндүрүштү жолго койуу. Өндүрүш иштесе жумуш да болот, айлык, пенсия ж. б. жөлөк акчалар да көбөйөт, кыскасы элдин жашоо деңгээли көтөрүлөт, бул болсо миграцияга чек койот. Экономикалык базасы болбосо, куру патриоттук сезим жарытылуу натыйжа бербейт. Бирок атуулдук ар намыс б. а. патриоттук сезим – саясий-экономикалык базисти кристаллдаштыра турган ядро экени талашсыз чындык. Ошондуктан аны калыптандырууну эч качан эстен чыгарбоо керек.

Кыргызстандын негизги табигый байлыктарынын бири – анын электр энергетика тармагы. Жогоруда айтылгандардын маанайында, анын кадрлары өз ишинин чеберлери гана болбостон, өз мамлекетинин патриоттору болушу да зор мааниге ээ экендиги айкын. Ошондуктан аларга билим берүү менен тең катар патриоттукка тарбиялоо иши да жогорку деңгээлде колго алынышы учурдун актуалдуу проблемасы.

Энергетика тармагынын адис кадрларын патриот болууга тарбиялоону, Кыргызстандагы азыркы саясий-экономикалык абалды, кыргыз элинин менталитетин эске алуу менен төмөнкүчө жүргүзсө болот деп эсептейбиз.

Адистик дисциплиналар менен кошо Кыргызстандын тарыхын, кыргыз элинин тарыхын, анын улуттук менталитетин окутуу жеткиликтүү түрдө киргизилиши керек

Албетте, адистердин көпчүлүгү титулдук улуттан – кыргыз улутунан болсо жакшы болмок, бирок бул жерде адистик чеберчилик биринчи орунга койулушу талапка ылайык, ошентсе да айтпаса да түшүнүктүү себептер менен кыргыз улутунан чыккан чебер адистерди көбөйтүүгө умтулуу зарыл

Кыргызстан, кыргыз эли жөнүндө патриоттук оюн-шоокторду, кечелерди көп-көп өткөрүп, алардын негизинде Кыргызстан жөнүндө маалыматтарды жетик жеткирип, улут аралык достукту пропагандалоо керек

Окутуу-тарбиялоо процессинде кыргыз тилинин кадырын көтөрүп, мүмкүн болушунча кыргыз тилинде окутууну колго алыш керек

Замандын экономикасынын негизи болуп турган базар экономикасын Кыргызстандын шарттарында колдонуунун илимий негиздери менен кеңири тааныштырып, ал жааттагы дисциплиналарды Кыргызстанга ылайыктап окутуу керек

Кыргызстандагы абалды глобалдык абал менен байланыштырып, жалпы кыргызстандыктардын өз жеринде гана ырыс алды ынтымакта болуп жашашы толук кандуу бакытка алып келе тургандыгын, бирөөнүн жеринде султан болуп жашагандан көрө өз жериңде ултан болуп жашагандын артыкчылыктарын ачып көрсөтүп, өз жериңди гүлдөтүүгө салым кошуу – атуулдук милдет экенин, бул ишке кайдыгер кароо – кудай алдында да, эл алдында да күнөө экенин жетик түшүндүрүш керек

Кыргызстан – менин жерим, эң бир сонун бейиштей,

Жашап келем өзүм үчүн, элим үчүн тең иштей,
Электрдик энергияны ар бир үйгө жеткирем
Элим жыргап жашасын деп эч нерсеге кейишпей.

Өз жеримди өзгө жерге алмашпаймын, теңебейм,
Өз жеримде жашоо кыйын болсо дагы кенебейм,
Эмгек менен өз жеримдин жашоо шартын оңоймун
Келгин куштай жылуу жакка учуп-конуп жөнөбөйм.
Күй, күйө бер, электрдик жарык менин жеримде,
Сендей жарык маанай болсун дайым менин элимде,
Башка жерде башты жерге салып «жыргап» жүргөнчө
Өз жеримдин, өз үйүмдүн эркин жашайм төрүндө –

деген ойду энергетиканын учурдагы жана келечектеги кадрлары менен тең бөлүшүү менен аларды патриот болууга чакырабыз.

Кыргызстандын келечекте гүлдөп өсүшү үчүн анын ар бир жаранынын, айрыкча өндүрүш тармагынын, ошонун ичинде электр энергетика тармагынын кадрларынын жогорку квалификациялуу адис болуу менен бирге өз эли-жеринин патриоттору болушу – абадай эле зарыл нерсе экенин дагы бир жолу айта кетебиз.

***Адабияттар***


1. *Трофимова Т. И.* Курс физики М., «ВШ», 1998.
2. *Кудрявцев П. С.* Курс истории физики, М., «Просвеүение», 1982.
3. Кыргызстандын тарыхы, Орто мектептин окуу китеби Б., «Билим» 2005.
4. *Спиркин А. Г.* Философия, М., «Гардарики», 2002.
5. ММКнын материалдары, 2005-2010.


* * *